***Элебесова Айгүл Бейшенакуновна***
***педагогика илимдеринин кандидаты***
***Кыргыз билим берүү академиясы***

# ТАРЫХЫЙ-МАДАНИЙ МУРАСТАР — ЭЛДИН КӨӨНӨРБӨС КЕНЧИ

***Элебесова Айгул Бейшенакуновна***
***кандидат педагогических наук***
***Кыргызская академия образования***

# ИСТОРИКО-КУЛЬТУРНОЕ НАСЛЕДИЕ — НЕИСЧЕРПАЕМОЕ БОГАТСТВО НАРОДА

***Elebesova Aigul Beishenakunovna***
***Candidate of pedagogical sciences***
***Kyrgyz Academy of Education***

# HISTORICAL AND CULTURAL HERITAGE — INEXHAUSTIBLE WEALTH OF NATION

***Аннотация:*** *Бул макалада түрк тилдүү мамлекеттердин жалпы билим берүүчү уюмдарынын (мектеп, гимназия, лицей) окуучуларынын жана мугалимдеринин «Түрк дүйнөсү» багытындагы Эл аралык илимий-практикалык конференцияларына кыргызстандык окуучулардын жана мугалимдердин жигердүүлүк менен катышуусу аркылуу өспүрүмдөрдө жана жаштарда изилдөөчүлүк иш көндүмдөрүн, патриоттуулукка тарбиялоо жана башка элдердин өкүлдөрү менен баарлашуу маданиятын калыптандыруу маселеси көрсөтмөлүү сыпатталып баяндалат.*

***Аннотация:*** *В данной статье описывается воспитание у подростков и молодёжи культуры общения с представителями других народов, воспитание патриотизма, привитие навыков исследовательской работы через участие кыргызстанских учащихся и учителей средних общеобразовательных учреждений (школ, гимназий, лицеев) в ежегодных Международных научно-практических конференциях «Тюркский мир» тюркоязычных стран.*

***Annotation:*** *This article describes teaching adolescents and youth how to have a cultural dialogue with the representatives of other nations, education of patriotism, inculcation of research skills through participation of Kyrgyz students and teachers of secondary educational institutions (schools, gymnasiums and lyceums) in the annual international scientific-practical conference «Turkic world» among Turkic-speaking countries.*

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *тарыхый-маданий мурастар, өз ара урматташуу жана толеранттуулук, патриоттуулукка тарбиялоону өнүктүрүү, маданияттардын диалогу, маданияттар ортосундагы цивилизациялуу компромисс, профилдик окутуу, предметтер аралык байланыштар, изилдөөчүлүк иш көндүмү.*

***Ключевые слова:*** *историко-культурное наследие, взаимоуважение и толерантность, развитие патриотического воспитания, диалог культур, цивилизованный компромисс между культурами, профильное*

*обучение, межпредметные связи, навыки исследовательской работы.*

***Key words:** historical and cultural heritage, mutual respect and tolerance, development of patriotic education, dialogue of cultures, civilized compromise between cultures, subject oriented education, interdisciplinary relationships, research skills.*

2009-жылдан бери Кыргызстандагы жалпы орто билим берүүчү уюмдардын (мектеп, гимназия, лицей) окуучулары жана мугалимдери март айындагы жазгы каникул күндөрүндө адаттан тышкары конференциялардын — түрк тилдүү өлкөлөрдүн жалпы билим берүүчү уюмдарынын (мектеп, гимназия, лицей) окуучуларынын жана мугалимдеринин жыл сайын жазгы каникул учурунда өткөрүлүүчү «Түрк дүйнөсү» багытындагы Эл аралык илимий-практикалык конференциялардын катышуучулары болуп калышты.

«Мындай түрк таануу конференцияларын өткөрүү идеясы 1997-жылы Саха (Якут) Республикасындагы Верхневилюйск айылындагы гимназиянын тарых мугалими, окумуштуу педагог, «Якутиянын тарыхы» окуу китебинин автору, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Васильев Николай Ивановичтин демилгеси менен жүзөгө ашкан. Якутиянын тарыхын ийримдик сабак түрүндө окуп өздөштүрүү учурунда окуучулар түрктөр деген кимдер, Күлтегин жана Тонүкөк деген кагандар кайсы мезгилдерде жашашкан деген ж.б.у.с көптөгөн суроолорду беришип, тарых сабагын жана якут улуттук маданияты курсун окуткан мугалимдердин предметтерди дагы тереңдетип өтүүсүнө түрткү болуп, дем беришкен. Натыйжада «Чыгыш элдеринин тарыхына жана маданиятына киришүү» деген атайын курс иштелип чыккан. Анын программасы адегенде Саха (Якут) Республикасына, андан кийин Орусия Федерациясына жайылтылган. Ошентип бул факультативдик курс педагогикалык жаңычылдыкка айланып, Якутиянын чегинен сырткары адымдуу кадам таштаган» [2].

1997-жылы 17-январда Саха (Якут) Республикасынын Верхневилюйск улусунун окуучуларынын I региондук илимий-практикалык түрк таануу конференциясы өткөрүлгөн. Конференцияда улустун 8 мектебинен келишкен 23 окуучунун доклады угулган. Конференциянын аягында «Түрк дүйнөсү: кечээ, бүгүн, эртең» деген темадагы тегерек стол өткөрүлгөн.

Окумуштуу педагог Васильев Николай Ивановичтин жана анын Саха (Якут) Республикасындагы пикирдештеринин жан-дили менен аракеттенген тырышчаак ишмердүүлүктөрүнүн жана чаалыкпас күч-аракеттеринин натыйжасында окуучулардын «Түрк дүйнөсү» багытындагы региондук, республикалык жана Эл аралык илимий-практикалык конференциялары жыл сайын өткөрүлө баштаган. Ал адегенде педагогдук демилге катары башталып, кийин жаңычылдык катары билим берүү уюмдары жана Билим берүү министрлиги тарабынан колдоого алынып кеткен. Ошентип «Түрк дүйнөсү» кыймылы өз тарапкерлерине ээ болуп, жүздөгөн окуучуларды жана мугалимдерди, окумуштуу педагогдорду камтыган. Натыйжада бул конференцияларга катышкан окуучулардын жана мугалимдердин, окумуштуу педагогдордун жана жазуучулардын омоктуу докладдары боюнча он жыйнак жарык көргөн. «Түрк дүйнөсү» конференцияларына чет өлкөлүк катышуучулар да келе башташкан. Ошентип жаш изилдөөчү окуучулардын, тарыхчылардын, окумуштуу түрк таануучулардын иштиктүү илимий байланыштары түзүлгөн. Натыйжада өсүп жетилип келе жаткан жаш муундун өз өлкөсүнүн тарыхый жана маданий мурастарын илимий өңүттө изилдеп өздөштүрүүсүнө, алардын маани-маңызын жана нарк-дөөлөтүн туура аңдап түшүнүүсүнө өбөлгө шартталган.

2009-жылы «Түрк дүйнөсү» Эл аралык илимий-практикалык конференциясы Моңгол Эл Республикасында уюштурулуп, Моңгол мамлекеттик университетинин тарыхчы-түрк таануучуларынын катышуусу менен «Орхон» университетинде ийгиликтүү өткөрүлгөн. Саха (Якут) Республикасынын талыкпас жана изденгич изилдөөчү тарыхчылары байыркы Түрк кагандыгынын тарыхый-археологиялык мурастары сакталып калган жерлер боюнча саякатка чыгышып, Йоллыгтегиндин белгилүү руна жазмалары менен таанышышат. Бул Эл аралык илимий-практикалык конференциясынын материалдары боюнча «Түрк дүйнөсү: Моңголия жана Якутия» жана «Эрдэм шинжилгээний бичиг» деген аталыштардагы эки жыйнак чыгарылган [1].

2008-жылы Н.И. Васильев тарыхчы-түрк таануучулардын Кыргызстандагы Эл аралык симпозиумуна келгенде, учурдан пайдаланып, Кыргыз билим берүү академиясынын тарыхый-коом таануучулук предметтер бөлүмү (бөлүм башчысы А.Б. Элебесова) менен Саха (Якут) Республикасындагы М.А.Алексеев атындагы Верхневилюйск республикалык гимназиясынын ортосунда Илимий кызматташтыкты жөнгө салуу жөнүндө келишим түзүлгөн.

Натыйжада 2009-жылдын март айындагы жазгы каникулдан бери кыргызстандык окуучулар жана мугалимдер, окумуштуу педагогдор түрк тилдүү мамлекеттердин жалпы билим берүүчү уюмдарынын (мектеп, гимназия, лицей) Эл аралык илимий-практикалык конференцияларына катыша баштады.

Түрк тилдүү мамлекеттердин жалпы билим берүүчү уюмдарынын (мектеп, гимназия, лицей) окуучуларынын жана мугалимдердин, окумуштуу тарыхчылардын 2009-жылы 24–25-мартта Казакстан Республикасынын Алматы шаарындагы Коңур Мандоки атындагы №154-орто мектепте өткөрүлгөн «Түркі әлемі» Эл аралык илимий-практикалык конференциясына Кыргызстандан Бишкек шаарындагы Абдыкерим Сыдыков атындагы № 72-орто мектептин 6-классынын окуучулары Абасбеков Айдарбек жана Дайырбек уулу Дастан, Абдулда Каниметов атындагы № 1-гимназия интернаттын тарых мугалими Майтыкова Шайыр Кайбылдаевна, Кыргыз билим берүү академиясынын тарыхый-коом таануучулук билим берүү бөлүмүнүн башчысы Элебесова Айгүл Бейшенакуновна өздөрүнүн илимий баяндамалары менен катышып келишкен.

2011-жылы 25–26-мартта Бишкек шаарындагы Айдаркан Молдокулов атындагы Улуттук компьютердик гимназияда түрк тилдүү мамлекеттердин жалпы билим берүүчү уюмдарынын (мектеп, гимназия, лицей) окуучуларынын жана мугалимдеринин «Түрк дүйнөсү: Якутиядан тартып Жер Ортолук деңизинин жээктерине чейин Кыргызстан аркылуу» деген темадагы кезектеги Эл аралык илимий-практикалык конференциясы өткөрүлгөн. Бул биздин өлкөбүздүн тарыхындагы ушул багытта өткөрүлгөн эң алгачкы Эл аралык илимий-практикалык конференция болду.

Билим жана таалим-тарбия берүү планындагы бул маанилүү иш-чараны Кыргыз билим берүү академиясы, Россия Федерациясынын Саха (Якут) Республикалык билим берүү кызматкерлеринин квалификацияларын жогорулатуу институту, А. Молдокулов атындагы Улуттук компьютердик гимназия жана М.А. Алексеев атындагы Верхневилюйск республикалык гимназиясы биргеликте окумуштуу тарыхчы педагогдор Элебесова Айгүл Бейшенакуновнанын, Васильев Николай Ивановичтин жана Тастанбеков Мурат Мейирбекулынын демилгелери боюнча өткөрүлдү [2].

Конференциянын идеясы, максаты жана милдеттери — өсүп жетилип келе жаткан жаш муундун көңүлүн түрк тилдүү мамле-

кеттердин тарыхын жана маданиятын илимий жактан изилдеп-иликтөө ишине буруу; окуучуларда жана жаштарда башка элдердин өкүлдөрү менен баарлашуу маданиятын тарбиялоо; патриоттуулук жана интернационалисттик, өз элинин тарыхый өзөгү менен сыймыктануу жана татыктуу болуу өңдүү жарандык аң-сезимдерин калыптандыруу; ошондой эле чыгармачылык менен ой жүгүртүп эмгектенген кызыкдар окуучулар жана мугалимдер, педагогикалык жана илимий коомчулук ортосунда дискуссияларды жүргүзүү үчүн, алардын өз ара илимий таанып-билүүчүлүк кызматташтыкты жүргүзүүсү үчүн талапка жооп бергидей деңгээлдеги шарт түзүү. Ушул максатта конференцияда нарк-дөөлөт ченемдери, каада-салт жана үрп-адат ченемдери, түрк тилдүү элдердин фольклору жана филологиясы, көп маданияттуу билим берүүдөгү маданияттардын диалогу сыяктуу аспекттер козголду.

Түрк тилдүү мамлекеттердин жалпы билим берүүчү уюмдарынын (мектеп, гимназия, лицей) окуучуларынын жана мугалимдеринин бул Эл аралык конференциясына катышкандар: Васильев Николай Иванович, педагогика илимдеринин кандидаты, Саха (Якут) Республикасындагы (РФ) М.А. Алексеев атындагы Верхневилюйск республикалык гимназиясынын тарых мугалими, Тастанбеков Мурат Мейирбекулы, тарых илимдеринин кандидаты, А. Ясави атындагы Эл аралык Казак-Түрк университетинин жалпы тарых кафедрасынын доценти; Сооронкулов Гүлжигит Умарович, доцент, педагогика илимдеринин кандидаты, Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министринин орун басары; Байгазиев Советбек Орозканович, профессор, филология илимдеринин доктору, Кыргыз билим берүү академиясынын вице-президенти; Конкобаев Кадыралы Конкобаевич, профессор, филология илимдеринин доктору, Эл аралык «Манас» Кыргыз-Түрк университетинин окутуучусу; Мурзаибраимова Бүбүсара Бекмаматовна, педагогика илимдеринин кандидаты, Кыргыз билим берүү академиясынын окумуштуу катчысы; Иманкулов Мурат Калматович, доцент, педагогика илимдеринин кандидаты, Кыргыз билим берүү академиясынын тарыхый-коом таануучулук жана эстетикалык предметтер лабораториясынын башчысы; Россия Федерациясынын Саха (Якут) Республикасынан, Казакстан Республикасынан, Түркия Республикасынан келген делегациялар; Кыргыз Республикасынын Бишкек шаарындагы, Ысык-Көл жана Чүй областарындагы жалпы-билим берүүчү уюмдардын (мектеп, гимназия, лицей) окуучулары жана мугалимдери. Баардыгы 62 катышуучу, алардын 42си окуучулар болду.

Жаш изилдөөчүлөрдүн Эл аралык конференциясы төмөнкүдөй үч секция боюнча иштеди:

№ 1-секция. Түрк тилдүү элдердин этностук жана тарыхый байланыштары.

№ 2-секция. Түрк тилдүү элдердин тарыхый өнүгүү жолу.

№ 3-секция. Конференцияга сырттан катышуучулардын илимий макалалары [2].

Бул конференциянын эки күндүк ишинде түрк тилдүү өлкөлөрдүн тарыхый-маданий дөөлөттөрү түрк тилдүү элдердин тарыхы, маданий, аскердик, коомдук жана экономикалык өнүгүүсү, социалдык-тиричилик жана маданий байланыштары тууралуу проблемалар боюнча илимий баяндамалар угулду жана кызуу талкууланды. Тыныгуу учурунда Н.И. Васильевдин «По следам серебряных сосудов» деген видеофильми көрсөтүлдү. Видеофильмде Байкал боюндагы байыркы курыкандардын жашоо-тиричилигинен кабар берген археологиялык табылгалар жөнүндө баяндалган.

Конференцияда бардыгы болуп 58 доклад угулду. Бул конференциянын өзгөчөлүгү белгилүү түрк таануучу, «Түрк дүйнөсү» илимий-практикалык конференциясынын не-

гиздөөчүсү, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Васильев Николай Ивановичтин баяндамасы жана Саха (Якут) Республикасынан келген делегаттардын адаттагыдан тышкары куттуктоосу жана «Байыркы түрктөр жана Улуу талаа» темасындагы тегерек столдун өткөрүлүшү болду.

Конференциянын меймандары жана айырмаланган жаш изилдөөчүлөр үчүн 24-мартта «Бишкек шаары боюнча → «Манас айылы» → «Ата-Бейит» → Бишкек»; 27–28-мартта «Бишкек → Бурана (Токмок) → Балыкчы → Чоктал (кыргыз-түрк лицейи) → Чолпон-Ата («Рух Ордо») маршруттары боюнча туристтик экскурсиялар уюштурулду.

Алыскы Саха (Якут) Республикасынан келишкен жаш изилдөөчүлөр Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларын мектеп программасы боюнча өздөштүрүшүп, өткөн муундардын кеменгерликтерине окуу китеби аркылуу сугарылып келишкен болсо, эми минтип улуу жазуучу сыпаттап сүрөттөгөн ак мөңгүлүү алп тоолордун арасында болушуп, касиеттүү Ысык-Көл жана сары өзөн Чүй өрөөндөрүн аралап көрүшүп, кыргыздардын тарыхы жана маданияты менен көзмө-көз таанышышты. Жакуттай мелмилдеген Ысык-Көлдүн, көк тиреген Ала-Тоонун каңылжарды жарган таптаза абасынан дем алышып, керемет табиятка суктаныша кулун-тайлардай туйлашкан ойноок өспүрүмдөр элдердин ортосундагы достуктун, биримдиктин жана тынчтыктын барк-баасын туюнттурушту. Демек, мындан түрк таануу – илим гана эмес, түрк дүйнөсүнүн тарыхын, чарбасын, адабиятын, маданиятын жана ишенимин терең өздөштүрүүнүн булагы деген бүтүм чыгарууга болот. Тынчтыктын, достуктун жана биримдиктин маани-маңызын жана маанилүүлүгүн туюндуруунун адеп-ахлактуу жолу. Түрк таануу – гумандуулукка жык толгон илимий билим. Ага даанышман Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары күбө болуп саналат.

2012-жылы Тоолуу Алтай боюнча «Хан Алтай» деген экинчи түрк таануу туру өткөрүлдү. Бул турдун маршруту байыркы түрктөрдүн мекени болгон тоолуу аймактардагы чыйыр жолдор аркылуу Пазырык коргондорун жана Телес көлүн аралап өтүп, туристтерди жуңгарлар менен ойроттордун тарыхы, байыркы мифтер жана Калбак-Таштын табышмактуу петроглифтери менен тааныштырды. Ал эми Алтайдын айбаттуу аял кудайы «Үкөк каныке» менен жолугушуу өзүнүн сырдуу тарыхы менен катышуучулардын баарын сестендирип койду. Бул түрк таануу туруна Кыргызстандан – Абдулда Каниметов атындагы № 1-гимназия-интернаттын 8-классынын окуучусу Акжол Марсбеков жана тарых мугалими Майтыкова Шайыр Кайбылдаевна, Кыргыз билим берүү академиясынын улук илимий кызматкери Элебесова Айгүл Бейшенакуновна катышып келишти.

2013-жылы 25–26-мартта А. Ясави атындагы Эл аралык Казак-Түрк университетинде «Түрк дүйнөсү: Түркстан жергесиндеги курултай» деген темадагы кезектеги Эл аралык илимий-практикалык конференция болду. Ага Кыргызстандан 12 окуучу, 3 мугалим жана 1 окумуштуу катышты [3].

2015-жылы XI кылымдагы улуу түрк окумуштуулары Махмуд Кашгари-Барсканинин жана Жусуп Баласагындын 1000 жылдыгынын урматына Кыргызстандын Каракол жана Талас шаарларында түрк тилдүү өлкөлөрдүн жалпы билим берүүчү уюмдарынын (мектеп, гимназия, лицей) окуучуларынын жана мугалимдеринин, студенттердин жана окумуштуу педагогдордун кезектеги Эл аралык илимий-практикалык конференциясы өткөрүлгөндүгүн баса белгилеп айтуу биз үчүн өтө сыймыктуу.

Бул Эл аралык илимий-практикалык конференция «Түрк дүйнөсү: Ысык-Көл – Аалам Ордосу» деген аталыш менен 2015-жылы 23–25-мартта Ысык-Көл облусунун борбору Каракол шаарында Кыргыз билим берүү ака-

демиясынын социалдык-гуманитардык предметтер лабораториясы тарабынан Ысык-Көл облустук билим берүү институту жана Токтогул Сатылганов атындагы облустук мектеп-лицей-интернаты менен биргеликте уюштурулуп өткөрүлдү [4].

Конференцияга Кыргызстандын Бишкек шаарынан, Ысык-Көл, Чүй, Талас облустарынан, Казакстандын Түркстан шаарынан жана Орусия Федерациясынын Саха (Якут) Республикасынан бардыгы болуп 116 делегат катышты, алардын ичинен 88и окуучу, 19у мугалим, 4 студент, 4 окумуштуу-педагог.

Бул Эл аралык ИПК төмөнкүдөй төрт секция боюнча иштеди:

№ 1-секция. Махмуд Кашгари-Барскани: «Ысык-Көл – дүйнө борбору».

№ 2-секция. Тарых. Философия. Этнография.

№ 3-секция. Коом. Экономика. Маданият.

№ 4-секция. Өспүрүмдөрдүн социалдык-психологиялык абалынын актуалдуу маселелери.

Конференциянын Пленардык отуруму башталар алдында Саха (Якут) Республикасындагы Верхневилюйск республикалык гимназиясынын тарых мугалими, Якутиянын жана Моңголиянын Билим берүүсүнүн отличниги, «Якутиянын тарыхы» окуу китебинин жана бир катар илимий-методикалык колдонмолордун автору, «Түрк дүйнөсү» Эл аралык илимий-практикалык конференциясынын негиздөөчүсү, окуучулардын «Аттила» жайкы лагерин, «Аттила» Маданий борбору» автономдук коммерциялык эмес уюмун уюштуруучу, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Васильев Николай Ивановичти эскерип, аза күтүлдү. Кыргызстандык жаш изилдөөчүлөрдүн жана мугалимдердин, окумуштуу педагогдордун куттмандуу досу Николай Иванович ушул конференцияны өткөрүүнү кошо уюштурушуп жаткан мезгилде, конференция болооруна 1 ай калган учурда – 2015-жылдын 13-февралында күтүүсүздөн дүйнөдөн өтүп кетти.

Саха (Якут) Республикасынын чер тайгасында жайгашкан Верхневилюйск айылындагы республикалык гимназияда эмгектенген Николай Иванович улуу иштерди жаратыш үчүн борбордо жашоонун зарылчылыгы деле жоктугун өзүнүн аз бирок саз жашап өткөн өмүр жолу менен, өзүнүн жаркын өмүрүндөгү жаратмандык чыгармачылыгы менен далилдеди. Ал өзү негиздеген «Түрк дүйнөсү» Эл аралык илимий-практикалык конференциясын Саха (Якут) Республикасында эле эмес, Кыргызстанда (2011-жылы), Казакстанда (2010- жана 2013-жылдары), Тоолуу Алтайда (2012-жылы) жана Моңголияда бир нече жолу өткөрдү.

Биз Николай Ивановичти адамгерчилиги, эмгекчилдиги, адилеттүүлүгү, ачык-айрымдыгы жана кең пейилдиги үчүн барктап-баалачубуз, урматтап сыйлачубуз. Анын ушундай жаркын элеси биздин эс тутумубузда дал ошондой бойдон дайыма сакталып калат.

Васильев Николай Иванович биздин бул конференциябызга уюштуруучу жана катышуучу катары келип катышмак, бирок тагдырдын жазмышы аны буюрбады… Маркумдун арбагын Теңир жалгасын!

Эл аралык илимий-практикалык конференциянын меймандары үчүн «Каракол → Пристань (Х. Карасаевдин жана Н.М. Пржевальскийдин музейлери) → Каракол» жана «Каракол → «Жети-Өгүз», «Жарылган жүрөк» кызыл аскалары → Каракол» маршруттары боюнча экскурсиялар уюштурулду [4].

2015-жылдын 14–15-августунда Кыргыз билим берүү академиясынын социалдык-гуманитардык предметтер лабораториясы Талас облусунун Талас районундагы Абдылдабек Эсенбеков атындагы орто мектеп менен биргеликте «Түрк дүйнөсү: Кептин көркү — тил, ойдун көркү — сөз» деген темадагы кезектеги илимий-практикалык конференцияны уюштурду. Эл аралык ИПК

«Манас-Ордо» Кыргыз Улуттук комплексинде өткөрүлдү.

Илимий-практикалык конференциянын секциялары:

№ 1-секция. «Жусуп Баласагын: «Кептин көркү — тил, ойдун көркү — сөз»;

№ 2-секция. «Манас — тарыхый инсан»;

№ 3-секция. «Манас Ааламы»;

№ 4-секция. «Жусуп Баласагындын коомдук-философиялык көз карашы».

Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан «Тарых жана маданият жылы» делип жарыяланган 2016-жыл билим берүү жаатындагы даңктуу окуяларга мол болууда. Бул «Тарых жана маданият жылына» карата иш-чараларды өткөрүүгө «Түрк дүйнөсү» Эл аралык илимий-практикалык конференциясынын уюштуруучулары жана катышуучулары дагы жигердүүлүк менен катышышкандыгын сыймык менен белгилейбиз.

17–19-мартта Кыргыз билим берүү академиясынын социалдык-гуманитардык предметтер лабораториясы Нарын облусунун Кочкор районундагы Шапак Рысмендеев атындагы орто мектеп менен биргеликте түрк тилдүү мамлекеттердин жалпы билим берүүчү уюмдарынын (мектеп, гимназия, лицей) окуучуларынын жана мугалимдеринин «Түрк дүйнөсү: Тарыхый-маданий мурастар – элдин көөнөрбөс кенчи» деген темадагы кезектеги Эл аралык илимий-практикалык конференциясын өткөрдү.

Конференция төмөнкү секциялар боюнча иш жүргүздү:

№ 1-секция. «Кыргызстандын тарыхый-маданий мурастары — элибиздин көөнөрбөс кенчи»;

№ 2-секция. «Тарыхый-маданий мурастар жана алардын таалим-тарбия берүүчүлүк мааниси»;

№ 3-секция. «Профилге даярдоо жана профилдик окутуу: көйгөйлөрү жана келечеги» [6].

Бул конференциянын деңгээлин ага Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Нарын областы боюнча ыйгарымдуу өкүлүнүн орун басары Ибраева Жаркын Бейшембиевнанын жана Кочкор райондук мамлекеттик администрациянын башчысы Керимкулов Нурлан Бейшенбековичтин куттуктоо сөздөрү, Кыргыз билим берүү академиясынын вице-президенти, Кыргыз билим берүү академиясынын академиги, филология илимдеринин доктору, профессор Байгазиев Советбек Орозкановичтин, А. Ясави атындагы Эл аралык Казак-Түрк университетинин жалпы тарых кафедрасынын доценти, тарых илимдеринин кандидаты Тастанбеков Мурат Мейирбекулынын, «Манас» Кыргыз-Түрк университетинин доценти, тарых илимдеринин кандидаты Табалдиев Кубат Шакеевичтин, Кочкор районундагы Аблес уулу Алайдар атындагы орто мектептин директору Алдаяров Замир Султанбековичтин, ушул конференциянын өткөрүлүшүнүн демилгечиси, Шапак Рысмендеев атындагы орто мектептин тарых мугалими Болот Бообек уулунун, «Түрк дүйнөсү» Эл аралык илимий-практикалык конференциясынын Кыргызстанда өткөрүлүшүнүн демилгечиси жана уюштуруучусу, педагогика илимдеринин кандидаты Элебесова Айгүл Бейшенакуновнанын илимий баяндамалары жогору көтөрүп койду жана анын такшалгандык даражасын көрсөттү.

Бул Эл аралык ИПКга Кыргызстандын Бишкек жана Каракол шаарларынан, Нарын, Ысык-Көл, Чүй, Талас, Ош жана Баткен областарынан, Казакстан Республикасынын Түркстан шаарынан жана Орусия Федерациясынын Саха (Якут) Республикасынан келишкен 98 делегат, анын ичинде 77 окуучу, 16 мугалим, 5 окумуштуу катышты.

«Түрк дүйнөсү» Эл аралык илимий-практикалык конференциясынын ар биринде окуучулардын кол эмгектеринин (сүрөт, сайма, кийиз жана булгаары буюмдары), или-

мий чыгармачылык эмгектеринин (эссе, реферат, доклад) жана китептердин көргөзмөлөрү, ошондой эле «Түрк дүйнөсү» Эл аралык илимий-практикалык конференцияларын кыргызстандыктардын катышкандыктары жөнүндө маалыматтар берилген дубал такталары уюштурулуп жатты.

Түрк тилдүү элдердин көркөм адабий чыгармаларындагы каармандарды бири-бирине салыштыруу менен, тектеш сөздөрдү табуу жана изилдөө менен, түрк элдеринин турак жайларын жана турмуш-тиричиликтерин өздөштүрүү менен, окуучулар алардын руханий, маданий жана материалдык чөйрөлөрүн таанып билишүүдө. Ошону менен алар дүйнөгө башкача, билимдүү адамдын көзү менен карай башташат, алардагы баалуулуктарды тезирээк өздөштүрүү менен, аздектеп сактоого жана урматтоого көнүгүшөт. Демек, мындай окуучулар асыл баалуулуктарды кастарлоо менен, бүлүндүрүүгө жана талкалоого жол беришпейт деп үмүт кылабыз. Түрк тилдүү өлкөлөрдүн жалпы билим берүүчү уюмдарынын (мектеп, гимназия, лицей) окуучуларынын жана мугалимдеринин, студенттердин жана окумуштуу педагогдордун «Түрк дүйнөсү» Эл аралык илимий-практикалык конференцияларын өткөрүүнүн башкы факторлорунун бири мына ушул болуп саналат [7, 8].

Эл аралык илимий-практикалык конференциялардын жыйынтыгында резолюциялар кабыл алынат. Ал резолюцияларда ИПК-ны өткөрүүнүн актуалдуулугу жана учурдун талабына ылайыктуулугу, бул багыттагы иш-чаралардын формаларынын жана методдорунун көп кырдуулугу, өз өлкөсүнүн жаранын калыптандыруунун руханий өзөгүн түптөй турган негиздемелер тастыкталат, окуучулардын патриоттуулугунун, мекенчилдигинин мазмуну байытылат.

Бул Эл аралык конференциялардын катышуучуларынын сунуш-пикирлери ушул багыттагы иштин мазмунун жана формасын өркүндөтүү боюнча андан аркы иш-аракеттердин багыттоочу көрсөтмөсү болууда. Атап айта турган болсок, түрк тилдүү өлкөлөр (Азербайжан, Өзбекстан, Түркмөнстан, Турция) жана аймактар (Орусия Федерациясы, Кытай, Моңголия) менен, Москвадагы, Санкт-Петербургдагы, Новосибирскидеги, Пекиндеги, Стамбулдагы илимий борборлор менен кызматташууну кеңейтүү, алардын өкүлдөрүн лектор катары семинарларга жана ИПКларга чакыруу, дистанциялык ИПК-ларды өткөрүү сыяктуу колдон келе турган иш-чаралар.

Мына ошентип, түрк таануучулук тилди, тарыхты, маданиятты, адабиятты жана искусствону өздөштүрүүчү гуманитардык илимдердин комплекси катары биздин замандын адамынын көп маданияттуу компетенттүүлүгүн, толеренттуулугун калыптандырууга жана рухий дөөлөттөрүн өнүктүрүүгө зор түрткү болот. Ошондуктан бирдиктүү маалыматтык-билим берүүчүлүк чөйрөгө кирүү менен, биз этномаданий таалим-тарбия берүү жаатындагы эл аралык байланыштарды кеңейтүүгө, мугалимдердин алдыңкы тажрыйбаларын жайылтууга, окуучулардын түрк тилдүү элдердин тарыхын жана маданиятын билүүгө, терең өздөштүрүүгө болгон кызыгуусун арттырууга шарт түзүүгө аракет кылуудабыз. Окуучулардын Эл аралык илимий-практикалык конференцияларын өткөрүүнүн максаты – бул түрк тилдүү мамлекеттердин тарыхын жана маданиятын илимий жактан изилдеп-иликтөө ишине педагогикалык жана илимий коомчулуктун, өсүп жетилип келе жаткан өспүрүмдөрдүн жана жаштардын көңүлүн буруу, ошону менен бирге бул проблемалар боюнча кызыкдар окуучулар, мугалимдер, студенттер жана окумуштуулар арасында дискуссиянын көтөрүлүшү үчүн жагдай түзүү. Албетте, биз өзүбүздүн көзкарашыбызды таңуулоодон алыспыз, биздин милдетибиз — бул дискуссияга кызык-

дар инсандардын бардыгы бирдей тең укуктуу катышуусун камсыз кылуу.

**Адабияттар:**


1. Васильев Н.И. Увлекательная тюркология: Опыт преподавания тюркологии в Верхневилюйской республиканской гимназии. – Якутск, 2005. – 36 с.
2. «Түрк дүйнөсү: Якутиядан тартып Жер Ортолук деңизинин жээктерине чейин Кыргызстан аркылуу» / «Тюркский мир: от Якутии до Средиземного моря через Кыргызстан»: Эл аралык түркол. илимий-прак. конф. материалдары / Түзүүчүлөр: А.Б. Элебесова, Н.И. Васильев, М.М. Тастанбеков. – Б.: «Айгөлөк», 2013. – 368 б.
3. «Түркі әлемі: Түркістан жеріндегі құрылтай» атты Халықаралық ғылыми-практикалық конференция материалдары. – Түркістан, А. Ясауи атындағы халықаралық қазақ-түрік университеті, 2013. – 650 б.
4. Түрк дүйнөсү: Ысык-Көл — Аалам Ордосу / Тюрский мир: Иссык-Куль — Орда Вселенной: Эл аралык илимий-прак. конф. материалдары/ Түз.: А.Б. Элебесова, Н.И. Васильев, М.М. Тастанбеков. – Б.: «Айгөлөк», 2016. – 398 б.
5. Түрк тилдүү мамлекеттердин жалпы билим берүүчү уюмдарынын (мектеп, гимназия, лицей) окуучуларынын жана мугалимдеринин, окумуштуу педагогдордун «Түрк дүйнөсү: Ысык-Көл – Аалам Ордосу» деген темадагы Эл аралык илимий-практикалык конференциясынын программасы / Программа Международной научно-практической конференции учащихся и учителей общеобразовательных учреждений (школ, гимназий, лицеев), учёных педагогов тюркоязычных государств по теме «Тюркский мир: Иссык-Куль – Орда Вселенной». – Б., 2015. – 28 б.
6. Түрк тилдүү мамлекеттердин жалпы билим берүүчү уюмдарынын (мектеп, гимназия, лицей) окуучуларынын жана мугалимдеринин, окумуштуу педагогдордун «Түрк дүйнөсү: тарыхый-маданий мурастар – элдин көөнөрбөс кенчи» деген темадагы Эл аралык илимий-практикалык конференциясынын программасы / Программа Международной научно-практической конференции учащихся и учителей общеобразовательных учреждений (школ, гимназий, лицеев), учёных педагогов тюркоязычных государств по теме «Тюркский мир: историко-культурное наследие – неисчерпаемое богатство народа». – Б., 2016. – 20 б.
7. Элебесова А.Б. Адамды маданияттуулукка тарбиялоо системасынын культурологиялык негиздери. – Кыргыз билим берүү академиясынын Кабарлары. 2010. № 4 (16), 21–26-бб.
8. Элебесова А.Б. Тарыхый-коом таануучулук билимдер боюнча изилдөө иштерин жүргүзүүгө көнүктүрүү технологияларын колдонуу менен инсанга багыттап окутуу. – Кыргыз билим берүү академиясынын Кабарлары. – Б., 2015. – № 3 (35). Атайын чыгарылыш. – 302–308-бб.


***Рецензент: ф.и.д., профессор Байгазиев С.О.***